**Математика сабагынан 5чи жана 6чы класстарынан текшерүү иш алуу**

Октябрь 2022

2022-жылдын октябрь айында математика сабагы боюнча текшерүү иши алынды.

**Иш-чаранын максаты:**

1) 2022-2023-окуу жылында өздөштүрүлгөн программанын негизги темалары боюнча 5-6-класстарынын математика сабагын өздөштүрүүсүн кароо;

2) программада каралган математика боюнча билимдерди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо;

3) предметти андан ары окутуу негиз боло турган математикалык даярдыктын деңгээлин өлчөө.

**Иштин түрү: контролдоо иши, контролдук текшерүү иш**

Контролдук иштерди талдоо, натыйжаларды түзүүнүн динамикасын белгилөөгө, кемчиликтерди ачууга, алардын себептерин аныктоого мүмкүндүк берди.Алынган текшерүү иштеринин жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

Математика предметинен берген мугалим: Джумалиева Г. А

5-классында 14 окуучу.Текшерүү иши 13 окуучудан алынган 1 окуучу келген эмес. Текшерүү ишти жазган 5-класстын 13 окуучусунун ичинен 35% катасыз бүтүргөн, окуучулардын ишине «жакшы» деген баа берилген; Окуучулардын 65% “канааттандырарлык” деген баа алышкан;

**Корутунду жана сунуштар:**

5-класстын окуучулары башталгыч класстын математика курсун төмөн деңгээлде өздөштүрүшкөн, окуучулар «Төрт бурчтуктун аянты жана периметри» темаларын начар өздөштүрүшкөн. Натуралдык сандарды көбөйтүү жана бөлүү мисалдарында, белгисиз компоненттерди табуу үчүн теңдемелерди чыгарууда каталар кетирилген. Жогоруда айтылгандарга байланыштуу тик бурчтуктун аянтын жана периметрин табуу формулаларын колдонуу боюнча тапшырмаларды, көп орундуу сандар менен арифметикалык амалдарды аткаруу, окуучулардын эсептөө көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча тапшырмаларды дайыма ишке киргизүү сунушталат.

6-классында 8 окуучу.Текшерүү иши 8 окуучудан алынган.Текшерүү ишин жазган окуучулардын ичинен 40%ы “жакшы “ деген бааларды алган.Ал эми

окуучулардын 60%ы канааттандырарлык бааларды алган. Бөлүштүрүү мыйзамын колдонууда, жөнөкөй бөлчөктөр менен иш-аракеттерди аткарууда, тик бурчтуктун периметрин жана аянтын эсептөөдө, пайыздар боюнча маселелерди чыгарууда логикалык каталар.

**Корутунду жана сунуштар:**

6-класстын окуучулары тарабынан текшерүү ишти аткарууда кетирилген типтүү каталар бул темалардын окуучулар тарабынан начар өздөштүрүлгөндүгүн көрсөттү.

Мугалимдерге жогоруда аталган темаларды бириктирүү жана начар окуучулар менен иш алып баруу, логикалык тапшырмаларды колдонуу сунушталды.

Мектеп директору Чотуралиев И. А

Эскертүү ,сунуштар менен тааныштым Джумалиева Г. А

Мугалимдин өз сабагына анализ берүү

Мен Керимкулова Айнагул Макеновна 4-А классына «Эне тилибизди урматтайлы, сактайлы» деген темада сабак өттүм бул тема окуу программасында каралган календарлык планым боюнча туура келет.

1. Сабактын максаттары боюнча: Бүгүнкү сабагымды максатына жеткирүүдө окуучуларга түшүндүрүү үчүн төмөнкүдөй 3 багытта, башкача айтканда билим берүүчүлүк өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк максаттарын туура коюп алууну пландадым.
   Билим берүүчүлүк максатында: Окуучулар жаңы тема боюнча кеңири түшүнүк алышат, алган билимдерин күнүмдүк жашоодо пайдалана алышат. Өнүктүрүү максаттарында: Эне тили жөнүндө ар түрдүү маалыматтарды алышат, макал лакаптарды жаттап, алардын маанисин чечмелешет. Кыргыз тили жөнүндө ырларды жана санаат насаат сөздөрдү эстеринде сакташат.
   Тарбия берүүчүлүк максаттары: Окуучулар адептүүлүккө, билимдүү болууга, акылдуулукка, ата-энесин сүйүүгө , эне тилин кадырлоого, ата мекенин жан дили менен сүйүүгө, жолдоштору менен туура мамиледе болууга тарбияланат.
2. Сабактын эффективдүү өтүлүшү үчүн төмөнкү багыттар каралды: Сабакка коюлган үч багыттагы максаттардын туура коюлушунан улам, окуучулар сабакты туура түшүнүүгө багыт алышат.
   Сабактын тиби:
   Жаңы билимдерин өздөштүрүү;
   Колдонулган ыкма:
   Интеракттивдүү ыкма аркылуу изилденүүчүлүк менен проблемалык суроолорду чечип алууга шарт түзүү менен өз алдынча иштөө;
   Сабактын формасы: Коллективдүү, жалпы класста окутуу, жуптарда иштөө түшүндүрүү менен жүргүзүлөт. Теманын мазмунун ачууда окуучуларга туура түшүндүрүү үчүн сабактын негизги этаптарын сактоого аракеттендим. Сабагымды баштаарда жагымдуу маанай түзүп алдым. Темага ылайыктуу табышмактарды айтуу менен ойлондуруп, окуучуларга сабактын темасын ачып бердим. Себеби көңүлдүү сергек отурган окуучу сабакты дити менен түшүнүүгө аракеттенет. Мунун натыйжасында өтүлгөн сабагым эффективдүү, убакыт рационалдуу колдонулду.
3. Окуу материалындагы сабактын мазмуну сабактын этаптары менен ачылышы. Окуучуларга теманы туура жеткиликтүү түшүндүрүүнү үчүн видео тасманы көргөздүм. Окуучулар тасманы көргөндө дүйнөнү таанууга болгон көз караштарын өнүктүрүүгө, « миң уккандан, бир көргөн» өтө таасирдүү экендигине ынандым. Себеби, балдар тасмадан көргөндөрү боюнча ой жүгүртүүгө жакшы катышышты. Интерактивдүү ыкманын натыйжалуулугу окуучуларды топко бөлүп алып иштеткен учурда алар тапшырмаларды жакшы чечмелешип, так-таамай сабакты өздөштүргөндүктөрүн байкадым. Сабакты бышыктоодо окуучулар «Эне тили жөнүндө » деген темада синквейн, класстер түзүштү. Андан кийин үй тапшырмага “Эне тили жөнүндө” деген темада дил баян жазып келүү, жана китепче жасоо. Сабакты өтүүдө окуучулар менен иштөөгө, алардын ички дүйнөсүндөгү кызыгууларын тереңирээк билүүгө, изилдөөгө, туура өздөштүрүүгө багыт менен иш стилимдеги негизги максатыма жеттим деп ойлойм. Класс активдүү, жандуу, дилгир балдар болгондуктан, сабагымда пландалган максатыма жеттим. Көңүл бургандыгыңыздарга чоң ырахмат.

## Сабакка катышуу баракчасы

Мөөнөтү «_8_» _февраль_ 2023ж. Класс _9/кл._ Тизме боюнча окуучулардын саны _9_

Катышкан окуучулардын саны _9_ Сабактын аты _Сүрөт тартуу_

Сабакка катышуунун максаты _Мугалимдин окутуу методикасы менен таанышуу._

Мугалимдин аты, фамилиясы _Алиева Дина_

Сабактын темасы _Сүйүктүү адамдын портрети_

Сабактын максаты _Окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн, сүрөт аркылуу адамга, жаратылышка мамилеси._

**Сабактын жүрүшү жана мазмуну**

1. **Уюштуруу учуру:**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Сабак өз убагында башталды | ✓ | Окуучулар такталды | ✓ | Окуучулар такталды | ✓ |
| Бор, тряпка, коргөзмө куралдар бар | ✓ | Класс сабакка даяр | ✓ | Окуучулардын формалары бар | ✓ |
| Сабак ____ мүнөт кечигүү менен башталды | - | Кечиккендер көп | - | Келбеген окуучулар белгиленген жок | - |
| Бор, тряпка, көргөзмө куралдар жок | - | Класс сабакка даяр эмес | - | Окуучулардын формалары жок | - |

1. **Окуучуларды суроо:**

- Үй тапшырмасы текшерилди _35_ мүнөт ичинде өткөрүлдү
- Оозеки, жазуу түрүндө Класстын активдүүлүгү жакшы, орто, начар

_Окуучуларды жандандыруу болду, сабак өз убагында башталды. Сабак [illegible] менен башталып, түрдүү заңкар адамдардын, жаратылыштын портретин көгөлдү._

1. **Жаңы теманы түшүндүрүү:**

Тема айтылды, айтылган жок — Доскага жазылды, доскага жазылган жок

Суроолор берилди, суроолор берилген жок — Материал жеткиликтүү, эмоционалдуу, көрсөтмөлүү берилди

Материал үстүртөдөн кызыксыз өткөрүлдү — Тема календардык план менен дал келбейт

1. **Сабактан байкалды:**

- Окуучулардын өз алдынча жаңы материалдарды иштөөсү ✓
- Методдордун ар түрдүүлүгү ✓
- Проблемалык ситуация ✓
- ТСОнун колдонулушу
- Программалык окутуунун элементтери ✓
- Предметтик байланыш ✓
- Өтүлгөн материал менен турмуш тиричилик менен болгон байланышы ✓
- Мугалимдин материалды жакшы билет, жакшы билбейт
- Тарбиялык, билим берүүчүлүк багыт бар, жок

- Окуучулардын активдүүлүгү Эң мыкты
- Көргөзмө куралдар, дидактикалык материалдар:

Көргөзмө куралдар, портреттер, тоодогу элик, зоокадагы бүркүттүн сүрөттөрү илинген.
Окуучуларга сүйүктүү адамдын портретин же бейнесин кыскача айтышты.

1. **Сабакты жыйынтыктоо**

- Жыйынтыктоо өз убагында болду, окуучулар материалды жакшы түшүнүштү ✓
- Жыйынтыктоо жүргүзүлдү ✓
- Убакыт жетпей калды

1. **Үй тапшырмасы**

Көлөмү: аз, көп, оптималдуу. Коңгуроого чейин, коңгуроодон кийин. Түшүндүрүүсү бар, жок

Үйгө тапшырма: Тартылган портреттин маанилүүлүгүн айтып, түшүнүгүн бекемдөө болду. Үйдөн портретке кошумча түс боёктор менен толуктоолор жүргүзүлүшүн ишин аткаруу.

1. **Окуучулардын билимин баалоо**

- Мугалим баалады: оозеки, жазуу түрүндө
- Окуучулар өздөрүнүн билимин өздөрү баалады: оозеки, жазуу түрүндө
- Группада жетекчи баалады: оозеки, жазуу түрүндө

Суралды 6 окуучу. Баа алды: «5» 4 окуучу, «4» 2 окуучу, «3»___ окуучу, «2»___ окуучу

**Сунуштар:**

Ачык сабак жогорку деңгээлде өттү. Дидактикалык материалдары, окуу материалдары программага ылайык келет. Мугалим сабакка теманы баяндоодо логика жана ырааттуулук байкалды. Окуучулар алган түшүнүгүн туура аткарышты. Мугалим менен окуучунун ортосундагы тыгыз мамиле байкалды.

**Сабакка катышкан мугалимдин аты, жөнү**

Джумамеева Г.А.